# Чөлдө



Published by the Comic Bible Society, LLC
Copyright © 2021

Kingstone Comics maintains copyright to this comic book as provided by United States copyright law.

Print and digital copies of this version may be freely distributed without penalty under a Creative Commons license.



СИПОР КАЗА БОЛГОН СОҢ МУСА ЭФИОПИЯЛЫКТАРДАН АЯЛ АЛДЫ.
КАРАСАҢАР, БИЗДИН БИР ТУУГАНЫБЫЗ ЭФИОПИЯЛЫК АЯЛГА ҮЙЛӨНҮП ЖАТАТ!
КАРАСАҢАР, БИЗДИН БИР ТУУГАНЫБЫЗ ЭФИОПИЯЛЫК АЯЛГА ҮЙЛӨНҮП ЖАТАТ!
ТЕҢИР МУСАГА ЭЛЕ СҮЙЛӨДҮ БЕЛЕ?
АЛ БИЗГЕ ДЕЛЕ СҮЙЛӨБӨДҮ БЕЛЕ?
ЭСКЕРТЕ КЕТСЕК, МУСА ЖЕР ҮСТҮНДӨГҮ БАРДЫК АДАМДАРДЫН ИЧИНЕН ЭҢ МОМУН АДАМ БОЛГОН.
ТЕҢИР МУНУН БААРЫН УГУП, ҮЧӨӨНҮ ТЕҢ ЖЫЙЫН ЧАТЫРЫНА ЧАКЫРДЫ.
МИРИЯМ ЖАНА ААРОН… БУЛ ЖАККА КЕЛГИЛЕ. МЕНИН СӨЗҮМӨ КУЛАК САЛГЫЛА…
ЭГЕРДЕ СИЛЕРДИН АРАҢАРДА ТЕҢИРДИН ПАЙГАМБАРЫ БОЛСО, АНДА МЕН АГА КӨРҮНҮШТӨРДӨ АЧЫЛЫП, ТҮШТӨРҮНДӨ СҮЙЛӨШӨМ.
БИРОК ӨЗҮМДҮН КУЛУМ МУСАГА АНДАЙ КЫЛБАЙМ, АНТКЕНИ АЛ – МЕНИН БҮТ ЭЛИМДИН ИЧИНЕН ИШЕНИМДҮҮ КИШИ.
МЕН АНЫ МЕНЕН ТАБЫШМАКТАТПАЙ, ООЗМО-ООЗ, АЧЫК СҮЙЛӨШӨМ...АЛ ТЕҢИРДИН БЕЙНЕСИН ДА КӨРҮП ТУРАТ.
СИЛЕР МЕНИН КУЛУМ МУСАНЫ ЖЕМЕЛЕГЕНДЕН КАНТИП КОРККОН ЖОКСУҢАР?






Сандар 12:9-16


ТЕҢИР МУСАГА АР БИР УУРУДАН БИРДЕН КИШИНИ КАНААН ЖЕРИНЕ ЧАЛГЫНГА ЖИБЕРҮҮСҮН БУЙРУДУ.
АЛАРДЫН АРАСЫНДА АНЫН ЖАРДАМЧЫСЫ ЖАШЫЯ ДА БАР ЭЛЕ.
ТҮШТҮК ТАРАПТАГЫ ОШОЛ ӨЛКӨГӨ БАРЫП, ТООСУНА ЧЫККЫЛА.
ЖЕРИН КАРАП КӨРГҮЛӨ. АНДА ЖАШАГАН ЭЛ КҮЧТҮҮБҮ ЖЕ АЛСЫЗБЫ?
КӨППҮ ЖЕ АЗБЫ, БИЛИП КЕЛГИЛЕ. АЛ ЖЕРДИН МӨМӨ-ЖЕМИШТЕРИНЕН АЛА КЕЛГИЛЕ.
КӨППҮ ЖЕ АЗБЫ, БИЛИП КЕЛГИЛЕ. АЛ ЖЕРДИН МӨМӨ-ЖЕМИШТЕРИНЕН АЛА КЕЛГИЛЕ.
ОН ЭКИ ЧАЛГЫНЧЫ ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫНЫН ЖАМААТЫНА КЕЛИП, КӨРГӨНДӨРҮН АЙТЫП БЕРИШТИ.
БИЗ МЫНДАЙ ЖҮЗҮМДҮ ӨМҮРҮБҮЗДӨ КӨРГӨН ЭМЕСПИЗ!


ЧЫН ЭЛЕ, АЛ ЖЕР СҮТ МЕНЕН БАЛ АККАН ЖЕР ЭКЕН, АЛ ЖЕРДИН ЖЕМИШТЕРИ МЫНА.
БИРОК АЛ ЖЕРДЕ ЖАШАГАН ЭЛ КҮЧТҮҮ ЭКЕН.
ШААРЛАРЫ ДА ӨТӨ ЧОҢ, ЧЕП МЕНЕН КУРЧАЛГАН ЭКЕН. БИЗ АЛ ЖЕРДЕН АНАКТЫН ТУКУМУН ДА КӨРДҮК.
АЛ ЖЕРДИН ТҮШТҮК ЖАГЫНДА АМАЛЫКТЫКТАР, ТООЛОРУНДА ХЕТТИКТЕР, ЖЕБУСТУКТАР ЖАНА АМОРЛУКТАР, ДЕҢИЗ ЖЭЭГИ МЕНЕН ИОРДАН БОЮНДА КАНААНДЫКТАР ЖАШАШАТ ЭКЕН.
МУСА, СЕН БИЗДИ ӨЛҮМГӨ АЛЫП БАРА ЖАТАСЫҢ!
ЖҮРГҮЛӨ, АЛ ЖЕРДИ ЭЭЛЕП АЛАЛЫ, АНТКЕНИ БИЗ АЛ ЖЕРДИ ОҢОЙ ЭЛЕ БАСЫП АЛА АЛАБЫЗ.
ЖОК, БИЗ АЛ ЖЕРДИН ЭЛДЕРИНЕ КАРШЫ БАРА АЛБАЙБЫЗ, АНТКЕНИ АЛАР БИЗДЕН АЛДА КАНЧА КҮЧТҮҮ ЭКЕН!
ЖЕРЛЕР КЫЗЫЛ КЫРГЫН, КАРА СҮРГҮН КЕТПЕГЕН ЖЕРЛЕР ЭКЕН, КИШИЛЕРДИН БАРДЫГЫ АЛПТАР ЭКЕН.
АЛАРДЫН ЖАНЫНДА БИЗ ЧЕГИРТКЕДЕЙ КӨРҮНӨТ ЭКЕНБИЗ!


О, УШУНДАН КӨРӨ МИСИР ЖЕРИНДЕ ЖЕ УШУЛ ЧӨЛДӨ ЭЛЕ ӨЛҮП КАЛСАК ЭМНЕ!
ТЕҢИР БИЗДИ АЛ ЖЕРГЕ КЫЛЫЧТАН ӨЛСҮН ДЕП АЛЫП БАРА ЖАТАБЫ? ЭМИ АЯЛДАРЫБЫЗ МЕНЕН БАЛДАРЫБЫЗ ДУШМАНГА ОЛЖО БОЛОТ.
АНДАН КӨРӨ МИСИРГЕ КАЙТКАНЫБЫЗ ОҢ ЭМЕСПИ?
ӨЗҮБҮЗГӨ БАШЧЫ ШАЙЛАП АЛЫП, МИСИРГЕ КАЙРА КЕТЕЛИ.
КУДАЙ АЛ ЖЕРДИ БИЗГЕ БЕРЕ АЛАТ.
БИЗ КАРАП ЧЫККАН ЖЕР – АБДАН СОНУН ЖЕР. ЭГЕРДЕ ТЕҢИР БИЗГЕ ЫРАЙЫМ КЫЛА ТУРГАН БОЛСО, АНДА БИЗДИ АЛ ЖЕРГЕ ӨЗҮ АЛЫП БАРАТ.
АЛ ЖЕРДИН ЭЛИНЕН КОРКПОГУЛА, БИЗ АЛ ЭЛДИ ЖЕҢИП АЛАБЫЗ. АЛАРДЫН КОРГООЧУСУ ЖОК. АЛ ЭМИ БИЗ МЕНЕН ТЕҢИР БАРА ЖАТАТ.
БУЛАРДЫ ТАШ БАРАҢГА АЛЫШ КЕРЕК!




Сандар 14:10-25


АЛАРГА МЫНДАЙ ДЕП АЙТЫП КОЙ: "МЕН ТИРҮҮМҮН, – ДЕЙТ ТЕҢИР, – МАГА КАНДАЙ АЙТСАҢАР, ТАК ОШОНДОЙ КЫЛАМ.
ӨЛҮГҮҢӨР УШУЛ ЧӨЛДӨ КАЛАТ... МАГА НААЛЫГАНЫҢАР ҮЧҮН ЭСЕПКЕ КИРГЕН ЖЫЙЫРМА ЖАШТАГЫ ЖАНА АНДАН ЖОГОРКУЛАРЫҢАРДЫН БААРЫ ӨЛҮП, УШУЛ ЧӨЛДӨ КАЛАСЫҢАР.
КАЛЕП МЕНЕН ЖАШЫЯДАН БАШКАҢАР МЕН КОЛУМДУ КӨТӨРҮП, АЛЫП БАРАМ ДЕП АНТ БЕРГЕН ЖЕРГЕ КИРБЕЙСИҢЕР.
ДУШМАНДЫН КОЛУНА ТҮШҮП ОЛЖО БОЛОТ ДЕГЕН БАЛДАРЫҢАРДЫ МЕН ОШОЛ ЖЕРГЕ АЛЫП БАРАМ, АЛАР СИЛЕР ЖЕК КӨРГӨН ЖЕРДИ КӨРҮШӨТ.
АЛ ЭМИ СИЛЕРДИН ӨЛҮГҮҢӨР УШУЛ ЧӨЛДӨ КАЛАТ. БАЛДАРЫҢАР ЧӨЛДӨ КЫРК ЖЫЛ КӨЧҮП-КОНУП ЖҮРҮШӨТ. БААРЫҢАР ЧӨЛДӨ ӨЛҮП БҮТКӨНГӨ ЧЕЙИН, АЛАР СИЛЕРДИН ИШЕНИМСИЗДИГИҢЕР ҮЧҮН АЗАП ТАРТЫШАТ.
ӨЗҮҢӨРДҮН КҮНӨӨЛӨРҮҢӨР ҮЧҮН ЖАЗАЛАНАСЫҢАР. МЕН ТАШТАП КОЙГОНДО КАНДАЙ БОЛОРУН ОШОНДО БИЛЕСИҢЕР.
МЕН, ТЕҢИР, МАГА КАРШЫ ЧЫККАН УШУЛ НИЕТИ ЖАМАН ЭЛГЕ АЙТКАНЫМДЫ АТКАРАМ: АЛАРДЫН БАРДЫГЫ МЫНА УШУЛ ЧӨЛДӨ КЫРЫЛЫП ЖОК БОЛУШАТ.






Сандар 14:36-45


КОРАК БАШТАГАН ЫСРАЙЫЛДЫН 250 АТАКТУУ ЖАМААТ БАШЧЫЛАРЫ МУСАГА КАРШЫ ЧЫГЫШТЫ.
СИЛЕРДИКИ ЖЕТИШЕТ, БҮТ ЖАМААТ ЫЙЫК, БАРДЫГЫ ЫЙЫК, ТЕҢИР АЛАРДЫН АРАСЫНДА! ЭМНЕ ҮЧҮН СИЛЕР ӨЗҮҢӨРДҮ ТЕҢИРДИН ЭЛИНЕН ЖОГОРУ КОЁСУҢАР? БИЗ АРУН ЭКӨӨҢӨРГӨ МУКТАЖ ЭМЕСПИЗ.
ООБА, МЕН ДА ЧӨЛДӨ КАҢГЫП ЖҮРГӨНДӨН ТАЖАДЫМ. ТЕҢИР БИЗДИН КИЧИНЕКЕЙ КАТАЛАРЫБЫЗ ҮЧҮН ЭЛЕ ЖАЗАЛАЙ БЕРЕТ ЭКЕН.
БУГА МУСА КҮНӨӨЛҮҮ. АЛ МҮМКҮН БОЛБОГОН НЕРСЕЛЕРДИ БИЗДЕП ТАЛАП КЫЛА БЕРЕТ.

МУСА ЖЫЙЫН ЧАТЫРЫНА КИРИП, КУДАЙДЫН БУЙРУГУН СУРАДЫ.

“ЛЕБИ УУЛДАРЫ СИЛЕР МОЙНУҢАРГА ӨТӨ КӨП ЖООПКЕРЧИЛИК ИЛИП АЛГАНСЫҢАР. КУДАЙ ӨЗҮ КОЙБОГОН ЫЙЫК КЫЗМАТЧЫЛАР ДА БАР АРАҢАРДА” ДЕЙТ ТЕҢИР.
ЭРТЕҢ ТЕҢИР КИМ ӨЗҮНҮКҮ ЭКЕНИН, КИМ ЫЙЫК ЭКЕНИН КӨРСӨТӨТ, ОШОНУ АЛ ӨЗҮНӨ ЖАКЫНДАТАТ. ӨЗҮ КИМДИ ТАНДАСА, ОШОНУ ӨЗҮНӨ ЖАКЫНДАТАТ.
ЖЫПАР ЖЫТТУУ ЗАТ ТҮТӨТҮЛҮҮЧҮ ИДИШИҢЕРДИ ТОЛТУРУП, ЭРТЕҢ АЛА КЕЛГИЛЕ.
Сандар 16:1-7






Сандар 16:19-26


ЭГЕРДЕ БУЛАР БАРДЫК АДАМДАР ӨЛГӨН СЫЯКТУУ ЭЛЕ ӨЛҮШСӨ, ТЕҢИР ЖИБЕРГЕНДИКТЕН ЖАСАП ЖАТКАНЫМДЫ БИЛЕСИҢЕР.
БИРОК ТЕҢИР АДАТТАН ТЫШ НЕРСЕ КЫЛЫП, ЖЕР АРААНЫН АЧЫП, БУЛАРДЫ ЖАНА БУЛАРДЫН БАРДЫК НЕРСЕЛЕРИН ЖУТУП ЖИБЕРСЕ, АНДА БУЛ АДАМДАРДЫН КУДАЙГА АКАРАТ КЕЛТИРГЕНИН БИЛЕСИҢЕР.


УШУЛ СӨЗДӨРДҮ АЙТАР ЗАМАТ, АЛАРДЫН АСТЫНДАГЫ ЖЕР АЧЫЛДЫ. ЖЕР АРААНЫН АЧЫП, АЛАРДЫ ҮЙ-ЖАЙЫ МЕНЕН, КОРАКТЫН БАРДЫК КИШИЛЕРИН МАЛ-МҮЛКҮ МЕНЕН КОШО ЖУТТУ.
ДАҢК
ЖООК!
ЖАРДАМГА!
ААЙ!
АНАН КУДАЙДАН ОТ ТҮШҮП, ЖЫПАР ЖЫТТУУ ЗАТ ТҮТӨТҮЛҮҮЧҮ ЧӨЙЧӨКТӨРДҮ АЛЫП КЕЛГЕН ЭКИ ЖҮЗ ЭЛҮҮ ЭРКЕКТИ ЖАЛМАП КЕТТИ.


ӨРТТӨНҮП КЕТКЕНДЕРДИН ЖЫПАР ЖЫТТУУ ЗАТ ТҮТӨТҮЛҮҮЧҮ ИДИШТЕРИН ЧОГУЛТУП АЛЫП, КАҢЫЛТЫР КЫЛЫП САЛГЫЛА.
КУРМАНДЫК ЧАЛЫНУУЧУ ЖАЙДЫ КАПТАГАН КАҢЫЛТЫРДЫ КӨРГӨНДӨ, АДАМ КУДАЙДЫН ТИЛИН АЛБАГАНДА ЭМНЕ БОЛОРУН ЭСТЕЙСИҢЕР.
ЭРТЕСИ КҮНҮ ЫСРАЙЫЛ ЭЛИНИН ЖАМААТЫ МУСАГА КАРШЫ ЧЫГЫШТЫ.
ЭРТЕСИ КҮНҮ ЫСРАЙЫЛ ЭЛИНИН ЖАМААТЫ МУСАГА КАРШЫ ЧЫГЫШТЫ.
БИРОК ТЕҢИРДИН ДАҢКЫ КАЙРАДАН ПАЙДА БОЛДУ.
БУЛ ЖАМААТТАН АЛЫС ТУРГУЛА, АНТКЕНИ МЕН БУЛАРДЫ КӨЗ АЧЫП-ЖУМГУЧА КЫЙРАТАМ.
БУЛ ЖАМААТТАН АЛЫС ТУРГУЛА, АНТКЕНИ МЕН БУЛАРДЫ КӨЗ АЧЫП-ЖУМГУЧА КЫЙРАТАМ.
ЖЫПАР ЖЫТТУУ ЗАТ ТҮТӨТҮЛҮҮЧҮ ИДИШТИ АЛЫП, КУДАЙГА КЕЛИП, ТЕЗИРЭЭК ЖАМААТКА БАРЫП, АЛАРДЫ КУТКАРЫП КАЛ.
АРУН ЖАМААТТЫН ОРТОСУНА ЧУРКАП БАРСА, ЭЛ КЫЙРАЙ БАШТАГАН ЭКЕН. АЛ ӨЛГӨНДӨР МЕНЕН ТИРҮҮЛӨРДҮН ОРТОСУНА ТУРУП КАЛДЫ, ОШОНДО КЫЙРОО ТОКТОДУ.
БИРОК КОРАКТЫН ИШИ БОЮНЧА ӨЛГӨНДӨРДӨН СЫРТКАРЫ КЫЙРООДОН 14 700 КИШИ ӨЛДҮ.
Сандар 16:36-49


БҮТ ЖАМААТ СИН ЧӨЛҮНӨ КЕЛИП, КАДЕШКЕ ТОКТОДУ. ОШОЛ ЖЕРДЕ МИРИЯМ КАЗА БОЛУП, ОШОЛ ЖЕРГЕ КОЮЛДУ.
БУЛ ЖЕРДЕ БИЗДИ МАЛЫБЫЗ МЕНЕН КОШО КЫРЫЛЫП КАЛСЫН ДЕГЕН ОКЙШОСУҢАР.
БУЛ ЖЕРДЕ БИЗДИ МАЛЫБЫЗ МЕНЕН КОШО КЫРЫЛЫП КАЛСЫН ДЕГЕН ОКЙШОСУҢАР.
О, БИЗ ОШОНДО ЭЛЕ, ТЕҢИРДИН АЛДЫНДА БИР ТУУГАНДАРЫБЫЗ ӨЛГӨНДӨ ЭЛЕ ӨЛҮП КАЛСАК КАНА?
КАНА, СИЛЕР АЙТКАН ЭГИН, АНЖЫР, ЖҮЗҮМ, АНАР?
КАНА, СИЛЕР АЙТКАН ЭГИН, АНЖЫР, ЖҮЗҮМ, АНАР?
АРУН БИР ТУУГАНЫҢ МЕНЕН ТАЯКТЫ КОЛУҢА АЛЫП, БҮТ ЖАМААТТЫ ЧОГУЛТ.
АЛАРДЫН КӨЗ АЛДЫНДА АСКАГА АЙТ, ОШОНДО АЛ ӨЗҮНӨН СУУ ЧЫГАРЫП БЕРЕТ.
СЕН АСКАДАН СУУ ЧЫГАРЫП, ЖАМААТКА ДА, АЛАРДЫН МАЛДАРЫНА ДА СУУ ИЧИРЕСИҢ.

Сандар 20:1-7






Сандар 20:9-13




Сандар 20:14-21:6


ТЕЗ ЭЛЕ ЖАМААТТЫН ИЧИ УУЛУУ ЖЫЛАНГА ТОЛДУ.
ТҮНҮ УКТАП ЖАТКАН ЖЕРЛЕРИНЕН ЖЫЛАНДАР ЧАГА БАШТАШТЫ.
КУДАЙ БИЗГЕ ЖАРДАМ БЕРЕ КӨР!
ШССССС
ЖАРДАМГА. МЕНИ ЖЫЛАН ЧАГЫП КЕТТИ.
АТА-ЭНЕСИНИН КҮНӨӨЛӨРҮ ҮЧҮН БАЛДАРЫ ЖАЗАЛАНЫШТЫ.
ЖОАП!
АТА!
ЖОООООО!К


БҮТКҮЛ ЛАГЕРЬ БОЮНЧА ЭЛДИН КЫЙНАЛГАН ҮНҮН УГУУГА БОЛОТ. КҮНӨӨНҮН КУНУН ТӨЛӨӨ АБДАН КЫЙЫН.
БҮТКҮЛ ЛАГЕРЬ БОЮНЧА ЭЛДИН КЫЙНАЛГАН ҮНҮН УГУУГА БОЛОТ. КҮНӨӨНҮН КУНУН ТӨЛӨӨ АБДАН КЫЙЫН.
БИЗ МУСАНЫ ИЗДЕП ТАБЫШЫБЫЗ КЕРЕК. БУЛ КУДАЙДЫН КОЛУ. ӨЗ ЭЛИНИН КҮНӨӨЛӨРҮ ҮЧҮН АЛ КААРДАНДЫ.
ШАК!


КУДАЙГА КАЙРЫЛЧЫ. БИЗ БУЛ ЖАЗАГА ТАТЫКТУУБУЗ. БИРОК КУДАЙ БИЗГЕ ЫРАЙЫМЫН ТӨКСҮНЧҮ.
БУЛ ЭЛ КАЧАН КУДАЙ-ТЕҢИР КҮНӨӨГӨ ӨТӨ ОЛУТТУУ КАРАРЫН ТҮШҮНӨТ? АЛАР КУДАЙДЫН АЙТКАНДАРЫН КЫЛЫП, ЫЙЫК ЭЛ КАТАРЫ ЖАШАШЫ КЕРЕК.


ОО, КУДАЙЫМ, ӨЗ ЭЛИҢЕ ЫРАЙЫМЫҢДЫ ТӨКЧҮ. АЛАРДЫН КҮНӨӨСҮН КЕЧИРЧИ.
ЖЕЗДЕН АЛАРДЫ АЗЫР ЧАГЫП ЖАТКАНДАЙ ЖЫЛАН ЖАСАП, ШЫРГЫЙГА КАДАП КОЙ, ЖЫЛАН ЧАККАН КИШИ АНЫ БИР КАРАСА ЭЛЕ, ТИРҮҮ КАЛАТ.

Сандар 21:7-8


КУДАЙ БИЗГЕ АЙЫГУУ ЖОЛУН ТАРТУУЛАДЫ. ИЛИНИП ТУРГАН ЖЫЛАНДЫ КАРАСАҢ, АЙЫГАСЫҢ.
ӨЛӨЙҮН ДЕП ЖАТАТ.
ЖОК! ЖЫЛАНДЫ КАРАСАҢ ЭЛЕ, АЙЫГАСЫҢ.


ЖОЛДОШУМ!
БИЗ АЛ ӨЛӨ ЭЛЕГИНДЕ ЖЕЗ ЖЫЛАНДЫН АЛДЫНА АЛЫП БАРАЛЫ!
БИЗ АЛ ӨЛӨ ЭЛЕГИНДЕ ЖЕЗ ЖЫЛАНДЫН АЛДЫНА АЛЫП БАРАЛЫ!


ЖЕЗ ЖЫЛАНДЫ КАРАДА ДА, ЖАША!



Сандар 21:9










Сандар 21:9, 32:13


ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫ ЖОЛГО ЧЫГЫШЫП, ИОРДАН СУУСУНУН БОЮНДАГЫ ЖЕРИХОНУН КАРШЫСЫНДАГЫ МААП ТҮЗДҮГҮНӨ КЕЛИП ТОКТОШТУ.
СИПОРДУН УУЛУ БАЛАК ЫСРАЙЫЛ ЭЛИНИН АМОРЛУКТАРГА ЭМНЕ КЫЛГАНЫН КӨРҮП, КОРКУП, МИДИАН АКСАКАЛДАРЫ МЕНЕН КЕҢЕШТИ.
БУЛ ЭЛ БИЗДИ ЧӨП КАТАРЫ ЖЕЙТ.
МИСИР ЖЕРИНЕН БИР ЭЛ КЕЛИП, ЖЕР БЕТИН КАПТАП КАЛДЫ.
ОШОНДУКТАН КЕЛИП, БУЛ ЭЛДИ КАРГАП БЕР.
БАЛКИМ, МЕН ОШОНДО БУЛАР МЕНЕН СОГУШУУГА ЖАРАП, ЖЕРИМДЕН КУУП ЧЫГАРМЫН.
БАЛКИМ, МЕН ОШОНДО БУЛАР МЕНЕН СОГУШУУГА ЖАРАП, ЖЕРИМДЕН КУУП ЧЫГАРМЫН.
БУЛ АДАМДАР КИМДЕР?
АЛАР МОАП ПАДЫШАДАН – АЛ ЭЛ ЧЕК АРАДА ТУРАТ. МЕН АЛАРДЫ КАРГАП БЕРҮҮМДҮ КААЛАП ЖАТАТ ПАДЫША.
БУЛАР МЕНЕН БАРБА, БУЛ ЭЛДИ КАРГАБА, АНТКЕНИ БУЛ ЭЛ – БАТА АЛГАН ЭЛ!


ҮЙҮҢӨРГӨ КАЙТКЫЛА. КУДАЙ БУГА ЖОЛ БЕРБЕЙТ.
ЖОК ДЕГЕН ЖООПТУ УККАНДА, БАЛАК МУРДАГЫЛАРДАН ДА АТАКТУУ, КАДЫР-БАРКТУУ ТӨРӨЛӨРДҮ ЖИБЕРДИ.
САГА ЧОҢ СЫЙ КӨРСӨТӨМ, СЕН МАГА ЭМНЕ АЙТСАҢ, ОШОНУН БАРДЫГЫН ЖАСАЙМ. КЕЛИП, БУЛ ЭЛДИ КАРГАП БЕР", – ДЕП ЖАТАТ БАЛАК ПАДЫША.
БАЛАК МАГА АЛТЫН-КҮМҮШКӨ ТОЛГОН ҮЙҮН БЕРСЕ ДА, КУДАЙ-ТЕҢИРИМДИН БУЙРУГУН АТТАП, ЧОҢ ДА, КИЧИНЕ ДА ИШ КЫЛА АЛБАЙМ.
ОШЕНТСЕ ДА, МЫНДА ТҮНӨП КАЛГЫЛА. ТЕҢИР МАГА ДАГЫ ЭМНЕ ДЭЭР ЭКЕН, ОШОНУ БИЛЕЙИН.
БУЛ КИШИЛЕР СЕНИ ЧАКЫРЫП КЕЛСЕ, ОРДУҢАН ТУРУП, БУЛАР МЕНЕН ЖӨНӨ, БИРОК МЕН АЙТКАНДЫ ГАНА КЫЛ.




Сандар 22:21-27


ОШОНДО ТЕҢИР ЭШЕККЕ ТИЛ КИРГИЗДИ…
МЕНИ ҮЧҮНЧҮ ИРЕТ САБАП ЖАТАСЫҢ, МЕН САГА ЭМНЕ КЫЛДЫМ?
МЕНИ КЕЛЕКЕ КЫЛГАНЫҢ ҮЧҮН САБАДЫМ. ЭГЕРДЕ КОЛУМДА КЫЛЫЧ БОЛСО, БАШЫҢДЫ АЗЫР ЭЛЕ КЫЯ ЧАПМАКМЫН!
УШУЛ КҮНГӨ ЧЕЙИН ӨЗҮҢ МИНИП ЖҮРГӨН АЛДЫҢДАГЫ ЭШЕГИҢ МЕН ЭМЕС БЕЛЕМ, СЕНИ УШИНТЕ ТУРГАН ӨНӨКӨТҮМ БАР БЕЛЕ?
ЖОК.
ТЕҢИР БИЛАМДЫН КӨЗҮН АЧТЫ.
ЭМНЕ ҮЧҮН ЭШЕГИҢДИ ҮЧ ЖОЛУ САБАДЫҢ?
БАРАТКАН ЖОЛУҢ МЕНИН АЛДЫМДА ТУУРА БОЛБОГОНДУКТАН, МЕН САГА ТОСКООЛДУК КЫЛЫШ ҮЧҮН ЧЫКТЫМ.
ЭШЕГИҢ МЕНИ КӨРҮП, ҮЧ ИРЕТ ЖОЛДОН БУРУЛДУ. БУРУЛУП КЕТПЕГЕНДЕ, АНЫ ТИРҮҮ КАЛТЫРЫП, МЕН СЕНИ ӨЛТҮРҮП КОЙМОКМУН.
МЕН КҮНӨӨ КЫЛДЫМ. БУЛ САГА ЖАКПАСА, АНДА МЕН КАЙРА ТАРТАЙЫН.
БУЛ КИШИЛЕР МЕНЕН БАРА БЕР, БИРОК МЕН САГА ЭМНЕ ДЕСЕМ, ОШОНУ ГАНА СҮЙЛӨЙСҮҢ.






Сандар 22:37-23:13






Сандар 23:14-27






Сандар 23:28-24:9




Сандар 24:10-25


ЫСРАЙЫЛ ШИТИМДЕ ЖАШАП ТУРДУ. ОШОНДО ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ МААП КЫЗДАРЫ МЕНЕН ОЙНОШТУК КЫЛЫП БУЗУЛА БАШТАДЫ.
БУЛ БУТПАРАС ТАБЫНУУЧУЛУКТА ЖЫНЫСТЫК ЫПЛАС ИШТЕРДИ КЫЛУУ БАР БОЛЧУ.
ОШОНДО ТЕҢИР ЫСРАЙЫЛГА КААРДАНЫП, МУСАГА КАЙРЫЛДЫ.
БАРДЫК ЭЛ БАШЧЫЛАРДЫ АЛЫП, ТЕҢИРДИН АЛДЫНДА АСЫП САЛ.
АЛАРДЫ ЧАК ТҮШТӨ, ЭЛДИН КӨЗҮНЧӨ АСЫП САЛ... ОШОНДО ТЕҢИРДИН ЫСРАЙЫЛГА БОЛГОН ЖАЛЫНДАГАН КААРЫ КАЙТАТ.
ОШЕНТИП, БУТПАРАСТАРГА ТАБЫНЫП, ЖЫНЫСТЫК ЫПЛАС ИШТЕРДИ КЫЛГАН ЭЛ БАШЧЫЛАРЫ МУСА ЖАНА ЫСРАЙЫЛДЫН СОТТОРУ АРКЫЛУУ ДАРГА АСЫЛДЫ.



Сандар 25:1-5


ТЕЗ ЭЛЕ ЖАЛГАН КУДАЙЛАРГА ТАБЫНЫП КЕТКЕНИБИЗ ҮЧҮН БИЗДИ КЕЧИРЕ КӨР, ТЕҢИРИМ!
ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫНЫН БҮТ ЖАМААТЫ ЖЫЙЫН ЧАТЫРЫНЫН АЛДЫНДА ЫЙЛАП ЖАТКАНДА, ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫНАН БИРӨӨ МУСАНЫН ЖАНА ЖАМААТТЫН КӨЗ АЛДЫНДА УЯТСЫЗ ИШКЕ БАРДЫ.
АЛ БИР МИДИАНДЫК КЫЗДЫ ӨЗ БИР ТУУГАНДАРЫНА АЛЫП КЕЛДИ.
АРУНДУН УУЛУ БОЛГОН ЭЛАЗАРДЫН УУЛУ ПИНЕХАС МУНУ КӨРҮП, ЖАМААТТЫН ОРТОСУНАН ТУРА КАЛЫП, АЛАРДЫН АРТЫНАН ЖӨНӨДҮ.
НАЙЗАСЫН КОЛУНА АЛЫП, ЖАНАГЫ ЫСРАЙЫЛДЫКТЫН АРТЫНАН КИРДИ ДА, ЭКӨӨ ЖАТКАН ЖЕРИНЕН ЫСРАЙЫЛДЫКТЫ ДА, АЯЛДЫ ДА ИЧКЕ САЙДЫ.
ОШОНДОН КИЙИН ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫНЫН КЫРЫЛГАНЫ ТОКТОДУ. БИРОК КЫРЫЛГАН ЫСРАЙЫЛДЫКТАРДЫН САНЫ 24000 ЭЛЕ.

Сандар 25:6-9


АРУНДУН УУЛУ БОЛГОН ЭЛАЗАРДЫН УУЛУ ПИНЕХАС МЕНИН ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫНА БОЛГОН КААРЫМДЫ КАЙРА ТАРТТЫРДЫ.
ОШОНДУКТАН МЕН КЫЗГАНЫЧЫМ МЕНЕН АЛАРДЫ ЖОК КЫЛЫП САЛГАН ЖОКМУН.
ОШОНДУКТАН АЙТ: “МЫНА, МЕН АГА ӨЗҮМДҮН ТЫНЧТЫК КЕЛИШИМИМДИ БЕРИП ЖАТАМ.
АЛ КЕЛИШИМ АГА ЖАНА АНЫН УКУМ-ТУКУМУНА ЫЙЫК КЫЗМАТ КЫЛУУЧУЛУКТУ ТҮБӨЛҮККӨ КАЛТЫРУУ КЕЛИШИМИ БОЛОТ, АНТКЕНИ АЛ ӨЗ КУДАЙЫНА БОЛГОН КЫЗГАНЫЧЫН КӨРСӨТҮП, ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫН КУТКАРЫП КАЛДЫ.
ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫНЫН БҮТ ЖАМААТЫНДАГЫ 20 ЖАШТАГЫ ЖАНА АНДАН ЖОГОРКУ СОГУШКА ЖАРАКТУУЛАРЫН УРУУСУ БОЮНЧА САНАП ЧЫГУУСУН КУДАЙ МУСАГА БУЮРДУ.
ЖАЛПЫ ЖАМААТ 610,730 КИШИНИ ТҮЗДҮ. АНДАН СЫРТКАРЫ ЛЕБИ УРУУСУ –23,000 КИШИ.
АНДАН СОҢ ТЕҢИР МУСАГА ЖЕРДИ АР БИР УРУУНУН САНЫНА ЖАРАША БӨЛҮШТҮРҮҮСҮН АЙТЫ.


МУСАНЫН БУЙРУГУ БОЮНЧА, КҮН САЙЫН ЫЙЫК КЫЗМАТ КЫЛУУЧУЛАР ЖЫЙЫН ЧАТЫРЫНДА КЫЗМАТ КЫЛЫП, КУРМАНДЫК ЧАЛЫП ЖАТЫШТЫ.
ЧӨЛДӨГҮ КЫРК ЖЫЛДАН СОҢ, БАШКАЛАР КУДАЙ УБАДА КЫЛГАН ЖЕРГЕ КИРҮҮГӨ ДАЯРДАНЫП ЖАТКАНДА, МУСАНЫ ТЕҢИР ТООГО ЧАКЫРДЫ. ТЕҢИР МЕНЕН БОЛГОН СҮЙЛӨШҮҮДӨН КИЙИН МУСА АКЫРЫН ЖЕРГЕ ЖАТЫП, ЖАН БЕРДИ.
БИР КАНЧА УБАКЫТ ӨТКӨН СОҢ МУСА ТИРИЛИП, КУДАЙДЫН АЛДЫНДА АСМАНГА КӨТӨРҮЛДҮ. ЫБРАЙЫМГА БЕРИЛГЕН УБАДА БОЮНЧА ЖЕРДЕГИ ӨЗҮНҮН ЭЛИ МЕНЕН КАЙРА ЖОЛУГУШКАНГА ЧЕЙИН МУСА АСМАНДА БОЛУП ТУРМАК.
Мыйзамды кайталоо 34:4-5


КУДАЙ ЫБРАЙЫМГА ЖЕРИН ТЫШТАП, УБАДА КЫЛГАН ЖЕРГЕ БАРУУСУН АЙТКАНДАН БЕРИ 400 ЖЫЛДАН АШУУН УБАКЫТ ӨТТҮ.
ЫБРАЙЫМ ЖАНА САРАГА БЕРГЕН ЫСААК АРКЫЛУУ УЛУУ ЭЛ ЖАРАТАМ ДЕГЕН КУДАЙДЫН УБАДАСЫ АТКАРЫЛДЫ.
ЖАКЫПТЫН ОН ЭКИ УУЛУ ЫСРАЙЫЛДЫН ОН ЭКИ УРУУСУ БОЛУП, АЛАР АРКЫЛУУ КӨПТӨГӨН ЭЛ ЖАРАЛДЫ.
АЛАР КУЛЧУЛУКТУ БАШЫНАН ӨТКӨРҮП, МУСА МЕНЕН ЧӨЛДӨ ЖҮРҮП, КУДАЙДЫН МЫЙЗАМЫН АЛЫП, ЭМИ ТЕҢИР УБАДА КЫЛГАН ЖЕРГЕ КИРИП ЖАТКАН УЧУРУ.
ЧӨЛДӨ ЖҮРГӨН УЧУРДА МУСАНЫН ЖАНЫНДА АР ДАЙЫМ БОЛГОН ЖАШ ЖИГИТ БАР ЭЛЕ. АЛ МУСАДАН КАНТИП ЫСРАЙЫЛ ЭЛИНИН БАШЧЫСЫ БОЛУУНУ ҮЙРӨНҮП ЖҮРГӨН.
АЛ ЖАШ ЖИГИТ ЭР ЖЕТИП, МЫКТЫ АСКЕР БОЛДУ. АНЫН АТЫ ЖАШЫЯ ЭЛЕ.


МУСА КУДАЙГА КЕТКЕН СОҢ, ЖАШЫЯ ТЕҢИР ТАРАБЫНАН ЫСРАЙЫЛ ЭЛИН БАШКАРУУГА, ЭЛДИ ЫБРАЙЫМГА УБАДА КЫЛЫНГАН ЖЕРГЕ АЛЫП БАРУУГА ТАНДАЛЫП АЛЫНДЫ.
ЭЛ КУДАЙ ТАРАБЫНАН БЕРИЛГЕН ПАЙГАМБАРЧЫЛЫКТЫ ЭСТЕДИ. АНДА АЛАР 400 ЖЫЛ БОЮ ӨЗГӨЛӨРДҮН ЖЕРИНДЕ ЖҮРГӨНДӨН СОҢ, УБАДА КЫЛЫНГАН ЖЕРГЕ КИРЕРИ АЙТЫЛГАН. КУДАЙ СӨЗҮНӨ ТУРДУ.


ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ ИОРДАНДАН ӨТКӨН СОҢ, БУЛ ЖЕРДИН ЖЕМИШТЕРИНЕН ЖЕЙ БАШТАГАН КҮНДӨН ТАРТЫП, АСМАНДАН МАННА ТҮШПӨЙ КАЛДЫ.
БУЛ КУДАЙДЫН БИЗГЕ БЕРГЕН ЭҢ СОНУН ЖЕРИ.
ЫРАС, БУЛ ЖЕР БИЗДИН БАЛДАРЫБЫЗДЫ ӨСТҮРҮП, АЛАРГА ЫЙЫКТЫК МЕНЕН МЫЙЗАМДЫ ҮЙРӨТҮҮГӨ ЫЛАЙЫКТУУ ЖЕР.
Мыйзамды кайталоо 34:9; Жашыя 5:12








SUPERBIBLE.TV